DOI:10.26104/NNTIK.2022.62.52.048

*Канназарова Б.У., Полотова А., Акматова Т.М.*

# БИЛИМ СЕРЕСИНДЕГИ ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР

*Канназарова Б.У., Полотова А., Акматова Т.М.*

# ОБРАЗЦОВАЯ ЖИЗНЬ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

*B. Kannazarova, A. Polotova, T. Aktatova*

# EXEMPLARY LIFE IN THE EDUCATION SYSTEM

*УДК: 37.013*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, Баткен мамлекеттик университетинин профессору, филология илимдеринин кандидаты, Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун негиздөөчүсү Абдималик Амирович Машрабовдун кыскача өмүр баяны, өрнөктүү илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берилди. Макалада агайдын ата-энеси, балалык чагы, окуучулук күндөрү, студенттик, аскердик кези,алачкы педагогикалык ишмердүүлүгүн баштаган Сүлүктү шаарындагы №3 А.С. Макаренко атындагы орто мектебиндеги ишмердүүлүгү киргизилди. Андан соң шаардагы Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун ачылышы жана өнүгүшүндөгү салымы, шаардык, облустук кеңештин депутаты катары аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы, ишмердүүлүгү, илимий-изилдөө иштери жана институттун бүгүнкү күндөгү жетишкендиги туурасында Абдималик Амирович жана институт жөнүндө жазылган китептерден, туугандарынын, классташтарынын, группалаштарынын, кесиптештеринин жана замандаштарынын эскерүүлөрүнүн негизинде жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү, институт, студент, окутуучу, доцент, профессор.*

*В данной статье представлена краткая биография выдающегося педагога Кыргызской Республики, профессора Баткенского государственного университета, кандидата филологических наук, основателя Сулюктинского гуманитарно-экономического института Абдималика Амировича Машрабова и его образцовая научная и педагогическая деятельность. В статье даны информациипро его родителей, про детство, школьные годы, студенческий, военный период, начало его педагогической деятельности в городе Сулюкте. Введена деятельность в средней школе имени А.С. Макаренко. Далее идут инфомация о Абдималике Амировиче и его вкладе в открытие и развитие сегодняшнего Сулюктинского гуманитарно-экономического института Баткенского государственного университета. Также еще введены деятельность и вклады в социально-экономическое развитие города, области в качестве члена городского и районного кенешей, его научно-исследовательская работа и текущие достижения института на основе книг и воспоминаний родственников, однокурсников, одногруппников, коллег и современников.*

***Ключевые слова:*** *образование, институт, студент, преподаватель, доцент, профессор.*

*This article contains a brief biography of the outstanding teacher of the Kyrgyz Republic, professor of Batken State University, candidate of philological sciences, founder of the Sulukta Humanitarian and Economic Institute Abdimalik Amirovich Mashrabov and his exemplary scientific and pedagogical activity. The article provides information about his parents, about childhood, school years, student, military period, the beginning of his pedagogical activity in the city of Sulukta. Introduced activities in the secondary school named after A.S. Makarenko. The following is information about Abdimalik Amirovich and his contribution to the opening and development of today's Sulukta Humanitarian and Economic Institute of Batken State University. Also, his activities and contributions to the socio-economic development of the city, region as a member of the city and district keneshes, his research work and current achievements of the institute based on books and memoirs of relatives, classmates, classmates, colleagues and contemporaries.*

***Key words:*** *education, institute, student, teacher, associate professor, professor.*

Машрабов Абдималик Амирович 1957-жылы 15-февралда Ош облусуна (азыркы кезде Баткен облусу) караштуу Сүлүктү шаарында кенчинин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Машрабов Амир 1917-жылы азыркы Лейлек районунун Бешкент айыл өкмөтүнө караштуу Эски-Оочу айылында туулган. Энеси Машрапова Эргеш Колдошовна 1927-жылы Сүлүктүнүн Кольцо айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Энеси кольцолук атактуу Уметов Колдош аксакалдын кызы Эргеш эже алгач Кольцо станциясындагы темир жолдо катчы, диспетчер болуп иштеген сабаттуу аял болгон [АТМ-1].

Абдималик Амировичтин ата-энеси 1950-жылдары Сүлүктүгө көмүр кенине жумушчулар чакырылгандыктан көчүп келишкен. Ата-энеси кадырлуу, бүт айыл сыйлаган инсандар эле. Амир аксакалдын бир кызы, үч уулу болгон. Кызы Машрабова Анара Амировна азыркы мезгилде Тажик Республикасынын Согд облусунун Дж. Расулов районунда жашайт. Уулдары Калык, Доорбек атасынын туулган жеринде Бешкент айыл өкмөтүнүн Эски-Оочу айылында ата конушун кастарлап жашап келишет. Атасы менин ишеничим да, келечегим да балдарымда деп көп айтчу экен. Ал киши туулган жери Бешкент айылын ата-журту катары сыйлачу, куса да болчу экен. Уулдарым чоңойуп, бутуна турса, сөзсүз Бешкентке туугандар жакка барып, уулдарымды эл-журтума кошомун деп эңсеген күндөрү болгон. 1985-жылы атасынын ниети орундалып уулдары Абдумалик, Доорбек Машрабовдор Бешкентте чон атасы Машраптын мурда кулакка тартылып алдырып койгон чоң коргонун, ата жайын сатып алышып, там салышып, гүл бакаларга айландырышты. 1991-жылы атасы ааламдан өтүп, Бешкент

жергесине ата-журтуна коюлган. Энеси Эргеш эже да 1997-жылдардан кийин уулдарын үйлөп, неберелүү болгондон кийин, кадыр-барктуу карылыкты сүрүп, атасынын жанына коюлган [АТМ-1]. Эргеш эже аябай мээнеткеч, үй тирилигине тың, ачык көңүл, мейман дос, тазалыкты өзгөчө сүйгөн аял болгон. Энеси уулдарынын окуусуна астейдил көңүл буруп, алардын билимдүү болуусун каалаган. Жакшы окугула деп талап кое билген, чебер өнөрдү сыйлаган аял болгон.

Абдималик Амировичтин балалык чагы Сүлүктү шаарында өткөн. Кичинекейинен эле алгач жомок угууга, кийин китеп окууга кызыккан экен. Үйдө агайдын өзүнүн китеп текчеси болуп ал, жомоктор, уламыштар, поэмалар, романдар, энциклопедиялар менен толтурулган дешет. Энеси да баласынын китепке болгон кызыгуусун колдоп, дайыма кызыктуу китептерди сатып берип турган.

Абдималик Амирович Сүлүктү шаарындагы А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектепте билим алган. Мектепте окуп жүргөн мезгилинде эле башка окуучулардан айырмаланып билимге ынтызар болгон. Ал сабактарын жалаң «5» деген баага окуган [АТМ-3]. Коомдук иштерге активдүү катышып алдыңкы окуучулардын катарын толуктаган. Абдималик Амировичтин кыргыз тили жана адабиятына болгон кызыгуусу мектеп курагында эле байкалган. Агайдын филолог болуусуна да кичинекейинен адабий китептерди окуусу менен кошо шаардагы А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебинин мыкты кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Рысалиев Шамке, Исманов Акжол, Анарбекова Чынара, Карыпбекова Зымырат ж.б. таасирлери болгон [АТМ-2].

Агай китеп окуудан башка дагы устачылык, чийүү иштерине да кызыккан. 1973-жылы Сүлүктү шаарындагы А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, Жалал-Абад шаарындагы А.С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып, 1977-жылы «Кол эмгек жана черчение сабагынын мугалими» квалификациясына ээ болгон [2, 81-б.]. 1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун күндүзгү бөлүмүнүн филология факультетине тапшырып, 1985-жылы артыкчылык дипломy менен ийгиликтүү аяктаган. Студенттик мезгилде 1-курсунан баштап окууну бүткөнгө чейин группанын старостасы, куратору К. Оморкуловдун жакын жардамысы болгон. Агай турмуштук тажрыйбасы, жагымдуу жүрүм-туруму, адамга жасаган мамилеси, коомдук-чарбалык иштердеги активдүүлүгү, сабакта өздөштүргөн аракети, артыкчылыгы менен өз жолдошторуна үлгү боло алган. Бирге окуган группалаштарынын айтуусуна караганда группаны бириктирген, ынтымакка чакырган, баарыбызга башчы, кеңешчи боло алган дешет. ОшМПИда окуп жүргөндө окуу жайдын мугалимдери агайга студент катары эмес, кесиптеш катары мамиле жасашчу. Агайга ошол мезгилде көрүнүктүү Т.Аширбаев, Н.Шеров, К.Оморкулов, С.Ибрагимов, Н.Бейшекеев, Т.Нуриев, К.Ибрагимов, А.Кадырова, Б.Суранчиева ж.б. окутуучулар сабак берген [АТМ-4].

Педагогикалык эмгек жолун 1977-жылы Сүлүктү шаарындагы өзү окуп билим алган А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебинде кол эмгек мугалими болуп иштөөдөн баштаган. Кийинчерээк жогорку окуу жайын бүтүп келгенден кийин кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча сабак берген. 1977-жылдан 1979-жылга чейин Советтик Армияны Белорусиянын Борисово шаарында 73964 танкалык аскердик бөлүктө кызмат өтөп келген. Аскердик кызматта өзүнүн билимдүүлүгүн, эмгекчилдигин, аскердик кызматтык милдетин так аткаргандыгын, аскердик тактикалык окууларда өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алган.

Абдималик Амирович орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп жүргөндө ошол учурдун талабына ылайык ачык сабактарды жогорку деңгээлде өтүп жүргөн. Ал дайыма мектептин педагогикалык, усулдук кеңештеринде билим сапатын көтөрүү үчүн ар кандай усулдук ыкмаларды колдонуп сабактарды өтүп, окуучулар менен жекече иштөөнү күчөтүп, окутуунун сапатын көтөрүүгө байланышкан маселелерди көтөрүп турган. Агайдын күчтүү филолог, иш билгилигин, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн байкаган шаардык билим берүү бөлүмүнүн жетекчилиги жумушка киргенден бир жылдан кийин эле ошол мектепке алгач окуу бөлүмүнүн башчысы кызматына дайындашкан. Агай мектептин директорунун окуу иштери боюнча орун басары кызматында 1986-жылдан 1988-жылга чейинки аралыкта иштеген. 1988-жылы өлкөдө демократиянын жышааны пайда болуп, А.С. Макаренко атындагы орто мектебинин директордук кызматына конкурс жарыяланып, коллективдин суранычы боюнча конкурска А. А. Машрабов да катышат. Директорлук кызматта 1988-жылдан баштап 1997-жылга чейин иштеген [3.14].

Мектепти жетектеген мезгилде алгачкылардан болуп А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебинде тереңдетилгенпредметтик класстар ачылып, 6 жаштагы мектепке чейинки курактагы балдарга билим алууга шарт түзүү менен эмгек жана кесиптик багыт берүү боюнча эмгек орундарын түзүүдө чоң иш көрсөткөн. Улуттук каада-салттарды, кыргыз элинин тарыхын, маданиятын окуп үйрөнүүгө чоң маани берип «Аталар жолун аздектейм» аттуу багытта улуттук көргөзмө залы уюштурулуп, иш чаралар байма-бай өткөрүлүп турчу. Мектепте агайдын жетекчилиги астында «Манас таануу» каанасы да уюштурулган. Агай жетектеген мектеп чукул арада бардык көрсөткүчтөр боюнча шаардагы алдыңкы мектептердин катарынан орун алат.

1996-жылы республика боюнча «Билим» жылы

деп жарыяланып шаарыбызга Ош мамлекеттик университетинин окуу-консультативдик пунктунун ачылышы шаар тарыхында ташка тамга баскандай бурулуш жылдардан болгон. Сүлүктү шаарынын акими Т.Б. Бараков жана Ош мамлекеттик университетинин ректораты тарабынан окуу жайын жетектөө ишеними 8 талапкердин ичинен А.А. Машрабовго берилген. Окуу консультативдик пунктун ачылуусуна ошол мезгилдеги Сүлүктү шаарынын мамлекеттик – администрациясынын башчысы, аким Т.Б. Бараковдун, ОшМУнун ректору Бакыт Бешимовдун, А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебинин директору А.А. Машрабовдун салымы чоң десек болот [АТМ-5].

Ошол жылдары шаарда ОшМУнун, ОшТУнун, Ош жогорку колледжинин дагы алгачкы филиалдары ачылган. 1996-1997-жылдары бир эле учурда жогорку окуу жайында да, А.С. Макаренко атындагы орто мектепте да директор болуп иштеп, эки түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү жумушту бирге аркалаган. Жаңыдан ачылган окуу жайды түптөө үчүн канчалаган түйшүктүү күндөр менен эмгек сарпталган. Эки жакта иштеп, эки жумуштун түйшүгү көп болсо да агай өзүн алдырбай, ишин так аткарчу. жана жоопкерчиликтүү кызматты мойнуна алган күндөн баштап күнү-түнү окуу жай үчүн күчүн, энергиясын сарптап иштеген.

Окуу жайы ачылганда окуу корпустары толук капиталдык ремонттон өтө турган начар абалда болгон. Агай имараттын оңдоо иштерине тартылган жумушчулар менен теңме-тең кирпич, топурак ташып иштеген күндөрү болгон. Имарат толук капиталдык ремонттон өткөндөн кийин окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн далай жумуштарды аткарды. Аудиториялардын жасалгаланышы, техникалык жабдыктар менен камсыздалышы, китеп менен толуктануусунда күнү-түнү жол жүрүп Ош, Бишкек шаарларынан сатып келген. Ош, Бишкек шаарларындагы жогорку окуу жайларга барып адистиктердин программалары менен таанышып, алгачкы тапшырган адистиктердин окуу программасын агай өзү түзгөн. Агай эрте менен жетекчилик кызматта олтурса, жумуш убактысынан кийин жумушчу кийимин кийип имараттын курулуш иштерине жардам берип, түнү менен окуу программаларын түзүп чыккан далай күндөр өткөн.

Ош шаарынан, коңшулаш Тажик республикасынан илимий даражалуу, аймагыбыздан тажрыйбалуу кадрларды чакыра баштады. Институтту алгычкы түптөөчүлөр Машрабов Абдималик Амирович, усулчу Досов Галмурат Кадырович, чарба башчысы Рустамов Темирбек Амираевичтер болушкан. Окуу жайдын ачылышы менен Сүлүктү, Лейлек, Баткен райондорунан, коншулаш Тажикстан, Өзбекстан жана Казакстандан билимге суусаган жаштар келип билим ала баштады.

Машрабов Абдумалик Амирович 1996-жылдан баштап Сүлүктү шаарындагы Ош мамлекеттик университетинин окуу-консультативдик пунктунун башчысы, филиалынын директору, ал эми 2000-жылдан 2016-жылдын 18-мартына чейин институттун директору болуп иштеп келди. 2016-жылдын 18-мартында КР билим берүү жана илим министринин макулдугу менен, БатМУнун ректору, техника илимдеринин доктору, профессор А.М. Зулпуевдин буйругунун негизинде БатМУнун экономика жана финансы иштери боюнча проректору кызматына дайындалды. БатМУнун проректору кызматында иштеп жүргөндө да БатМУнун ар тараптуу өнүгүүсүндө өзүнүн бараандуу салымын кошуп келди. БатМУнун Окумуштуулар Кеңешинде окуу жайдын өсүп өнүгүүсү үчүн, регионго сапаттуу кадрларды даярдоодо бир канча актуалдуу маселелерди көтөрүп, туура жагына чечилүүсүнө салымын кошуп келди. Абдималик Амирович Кыргызстандагы саясий маселелерге да активдүү катышып, Сүлүктү шаардык кеңешинин жана Баткен облустук Кеңешинин депутаты катары институттун, шаардын гана эмес, облустук деңгээлдеги социалдык, экономикалык жана башка түрдүү жактан өнүгүү маселелерин чечүүдө көп иштерди жасады. Илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү үчүн Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамотасы, «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы» төш белгиси, бир нече ар кандай деңгээлдеги жогорку органдардын мактоо баракчалары, медалдары менен сыйланган [2, 82-б.].

Машрабов Абдумалик Амирович 2000-жылдын 29-декабрында Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын «Тил таануу» институтунун алдындагы илимий диссертациялык кеңеште институтубуздан биринчилерден болуп «Тууганчылык терминдеринин мааниси жана алардын туюнтулушу» аттуу темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп «филология илиминин кандидаты» деген илимий даражага ээ болот. Ал эми 2006-жылы Улуттук аттестациялык комиссиянын чечими менен «тил таануу» адистиги боюнча «доцент» илимий наамы ыйгарылды [1, 15-б.]. 2018-жылы БатМунун профессору илимий даражасына ээ болду. Абдумалик Амирович «Субстантивизация в кыргызском языке» деген темада докторлук иштин үстүндө иштеп келген.

Абдималик Амирович куттуу үй-бүлөнүн атасы, жубайы Айсулуу Машрабова экөө 3 кыз, 2 уулду тарбиялап өстүрдү, неберелүү болушту. Жолдошунун ушул даражага жетишине жубайы чоң салым кошту. Жароокер жолдошун коргогон, камкор жар болду. Турмуштагы бардык кыйынчылыктарды жеңип, ийгиликтерди жаратууда тике катышты.

Машрабов Абдумалик Амировичти БатМУнун Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун негиздөөчүсү деп айтууга толук акыбыз бар. Окуу-консультативдик пунктунан институтка айланган окуу жайда билимдин жана илимдин орун алгандыгын тастыктап турат. Окуу жайды ачып, аны калыптандырып, өнүктүрүү үчүн агай чымырканып күнүтүнү эмгектенип, өзүнүн ден-соолугун, убакытын толук арнады. Алыскы бир кичи шаарда жогорку окуу жайын ачуу бул дың жерди өздөштүрүү же жоктон бар кылуу дегенге барабар. Мына ушул тайгак ашууларда кабагым кашым дебестен ак эмгеги, адилет табияты, инсандык изги сапаты менен абирдүү өтөгөн бул Абдумалик Амирович Машрабов болду.

2021-жылдын 5-апрелинде 64 жаш курагында шум ажал агайыбызды арабыздан алып кетти. Эгер тирүү болгондо илимдин, билимдин кийинки ачылыштарына бараандуу дагы салымын кошмок.

**Адабияттар:**


1. Мурзакулов К.Е. Кичипейил жетекчи жана илимпоз инсан [Текст] / К.Е. Мурзакулов. - Бишкек, 2007. - 188-б.
2. Канназарова Б.У. Билим уялаган окуу жай. - Б., 2017-ж., 207-б.
3. Канназарова Б.У. Билим сересиндеги өрнөктүү өмүр. - Б., 2022. - 224-б.
4. Машрабов Доор Амирович – Лейлек районунун Эски оочу айылынын тургуну, А.Машрабовдун бир тууган иниси [АТМ-1].
5. Мадаминов Г. – Лейлек районунун Арка айылынын тургуну, А. Машрабовун классташы [АТМ-2].
6. Карыпбекова Зымырат – Сүлүктү шаарынын тургуну, А.Машрабовдун мугалими жана кесиптеши [АТМ-3].
7. Шаимкулов О. – Ош шаары. А. Машрабовдун группалашы [АТМ-4].
8. Бараков Т. – Ош шаары. Сүлүктү шаарынын мурдагы акими [АТМ-5];
9. Бердалиев А. – Тажик Республикасы, А. Машрабовдун илимий жетекчиси [АТМ-6].